КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

721500 Казарман айылы, Ж.Акимбаев көчөсү №81
тел:(03738) 5-02-50

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
КАРГАЛЫКСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

721500 с. Казарман, ул Ж.Акимбаева № 81
тел:(03738) 5-02-50

**Каргалык айылдык Кеңешинин (XXVIII чакырылышынын)**
**кезектеги XVIII сессиясынын**

**Т О К Т О М У**

15-май 2023 - жыл №30 Казарман айылы

**“Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши” коомдук бирикмесинин Уставын бекитүү**

“Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши” коомдук бирикмесинин Уставынын долбоорун жана Каргалык айылдык кеңешинин “Мыйзамдуулук, укук, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча, депутаттык этика, мандат, регламент, маданият жана социалдык маселелер боюнча” туруктуу комиссиясынын төрайымы К.Мамырованын маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык,

**Каргалык айылдык Кеңешинин (XXVIII чакырылышынын)**
**кезектеги XVIII сессиясы**
**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. “Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши” коомдук бирикмесинин Уставы бекитилсин (устав тиркелет).
2. Кабыл алынган Уставга ылайык иш алып баруу жагы Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңешинин төрайымына жүктөлсүн.
3. Бул токтомду Жалал-Абад областынын юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Каргалык айыл өкмөтүнүн башкы адиси - юрист Абдыманбетов Арафатбек Акановичке милдеттендирилсин.
4. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн http://kargalyk.org.kg/ расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Бул токтомду аткаруу Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Артыкбаевге милдеттендирилсин.
6. Бул токтомду көзөмөлдөө “Мыйзамдуулук, укук, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча, депутаттык этика, мандат, регламент, маданият жана социалдык маселелер боюнча” туруктуу комиссиясынын төрайымы К.Мамыровага милдеттендирилсин.

**Каргалык айылдык Кеңешинин төрагасы: Т.И.Токтоболотов.**

*"Бекитем"*
*Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы*
*______________Т.И.Токтоболотов*
*Каргалык айылдык кеңешинин(XXVIII чакырылышынын)кезектеги XVIII сессиясынын № 30 - токтомуна тиркеме*
*15- май 2023-жыл*

# Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Аялдар кеңешинин Уставы

# I. Жалпы Жобо

1.1 «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикмеси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Жарандык Кодексинин жана Кыргыз Республикасынын «Коммерциялык эмес уюмдар» жөнүндө мыйзамына ылайык ишин жүргүзөт.

1.2 «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикмеси өзүнүн уставында көрсөтүлгөн максаттарга жетиш үчүн мыйзамдын чегинде айкын жана мүчөлөрүнүн тең укуктуу болуп иштешине шарт түзөт.

1.3 «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикмеси юридикалык жак болуп эсептелинет, өзүнүн өзгөчөлөнгөн мүлкү, мөөрү, штампы, кызматтык кат алмашуу үчүн атайын эмблемасы (символикасы) жана Кыргыз Республикасынын банктарында жана чет өлкөлүк банктарда өзүнүн валюталык, эсептик жана башка счеттору болот.

1.4 «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикмеси үчүнчү тараптын алдында өзүнүн жоопкерчиликтери боюнча мүлкү менен жооп берет. "Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши" Коомдук бирикменин мүчөлөрү коомдук бирикменин жоопкерчиликтерине жооп бербейт, ошондой эле коомдук бирикме өзүнүн мүчөлөрүнүн жоопкерчиликтерине жооп бербейт.

1.5 «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикмеси мамлекеттик жоопкерчиликтери боюнча жооп бербейт, мамлекет «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикмесинин жоопкерчиликтерине жооп бербейт. Мамлекет «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикмеси иш аракеттерине кирише албайт. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде гана ишине кийлигише алышы мүмкүн.

1.6 «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикмеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде мамлекеттик каттоодон өткөндөн баштап юридикалык жактын статусуна ээ боло алат.

1.7 «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши Коомдук бирикмесинин мүчөлөрү Коомдук биритмеге берген мүчөлүк акыларга жана берилген мүлктүк укуктарга ээ эмес.

1.8 «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикмесинин коммерциялык жана башка ишмердүүлүк менен тапкан пайдасы мүчөлөр арасында бөлүнбөйт, ал уставда көрсөтүлгөн максаттарга гана жумшалат.

1.9 «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикмеси өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана ушул Уставдын негизинде өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

1.10 «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикмесинин ишмердүүлүк мөөнөтү чектелбейт.

1.11 «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикмеси жайгашкан дареги: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад областы, Тогуз-Торо району, Казарман айылы.

1.12 «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикмесинин статусу - Жергиликтүү жана коммерциялык эмес уюм. Орус тилинде:Общественное объединение «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши», Кыргыз тилинде: «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» - Коомдук бирикмеси (мындан ары коомдук бирикме).

## II. «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» Коомдук бирикменин ишмердүүлүктөрү жана максаттары

Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» коомдук бирикмесин түзүүнүн максаты болуп:

2.1 Тогуз-Торо аймагынын жана Каргалык айыл аймагынын экономикасын өнүктүрүү жана жергиликтүү калктын турмуш деңгээлин жакшыртуу үчүн пайда алуусуна жардам берүү;

2.2 Айыл жеринде маданий жаратылыш ресурстарын сактай билүүлөрүн өнүктүрүү;

2.3 Жарандык, экономикалык, социалдык жана маданий укуктардын, эркиндигин ишке ашыруу жана коргоо, ошондой эле материалдык эмес керектөөлөрдү башка коомдук пайдалуу максаттарга жумшоону ишке ашыруу;

2.4 Айыл жериндеги жакырчылыкты жоюу максатында эл аралык байланышты кеңейтүү, тынчтыкты, элдердин ортосундагы достукту чыңдоо, башка мамлекеттердеги бирикмелер жана кесипкөй бирикмелер менен байланыштарды орнотуу жана бекемдөө;

2.5 Улуттук кол өнөрчүлүктү өркүндөтүү. Жумушсуз аялдарды кол өнөрчүлүк ишмердүүлүгүнө тартуу менен жашоо деңгээлин жогорулатуу;

2.6 Калктын ден-соолуктарына кам көрүү максатында жаратылыш ресурстарын тең салмактуу туура пайдалана билүүгө жана эл жашаган пункттарды экологиялык таасирлерден коргоо максатында иш алып баруу;

2.7 Аялдардын, жаштардын, жарандардын тең укуктуулугуна жана эркиндиги үчүн күрөшүү;

2.8 Бала-бакча, ясли түзүүгө, ичтөө шартын жакшыртууга аракеттенүү;

2.9 Аялдарды, жаштарды жана кызыккан бизнеске тартуу, колдоо жолдорун көрсөтүү, бизнес долбоорлорду түзүүнү үйрөтүү;

2.10 Жумушсуз аялдарга,жаштарга жумуш табуунун жолдорун үйрөтүү менен алардын билимин көтөрүүгө, өз алдынчалыкка жетишүүгө багыт берүү;

2.11 Жалгыз бой, оорулуу, мүмкүнчүлүгү чектелген, пенсионер аялдардын, жакыр үй-бүлөлөрдүн, жарандардын ден-соолугун чыңдоо, эс алуусун уюштуруу жана алардын кызыкчылыктарын коргоо;

2.12 Аялдардын, жаштардын үй-бүлөө кутүү, балдарын тарбиялоодогу ролун көтөрүү жана үйрөтүү;

2.13 Аялдардын жана жаштардын баңгичилик, ичимдикке берилүү, жугуштуу ооруларды, ВИЧ/СПИДди тартууга жол бербөөсүнө, кыргыз генофондун сактоодогу ролун көрсөтүү, окутуу, тарбиялоо;

2.14 Айылдагы байбичелердин кеңешин түзүү жана жаш келин-кыздардын байланышын жакшыртуу;

2.15 Кыздарды коомдогу, үй-бүлөдөгү ролуна тарбиялоо, терең билим алуусуна, лидерлик сапаттарга жетишүүсүнө көмөк көрсөтүү;

2.16 Айыл жаштарын, окуучуларын камкордукка алуу, Манастын жети осуятынын негизинде таалим-тарбиялык иштерди алып баруу;

2.17 Айыл ичин көрктөндүрүү, жашылдандыруу иштерин, маданий иш-чараларды уюштуруу, жаштарды эмгекке тарбиялоо;

2.18 Айылдын коммуналдык, социалдык инфраструктурасын оңдоого, жакшыртууга, туризм тармагын түзүүгө жана өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү, долбоорлорду ишке ашыруу;

2.19 Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан тыюу салынбаган ишмердиктин башка түрлөрү;

2.20 «Каргалык айыл аймагынын аялдар кеңеши» коомдук бирикмесин ишмердүүлүгүнүн багыты:

- Аймактын, жарандардын экономикалык, социалдык, экологиялык абалдарынын жакшырышына түрткү берүү;
- Коомдук бирикменин максаттарын массалык-маалымат каражаттарына үгүттөө
- Кайрымдуулук иштерине катышуу;

- Эл арасында тынчтыкты, достукту жана өз ара түшүнүүнү бекемдөөгө таасир берүү;
- Тренинг, семинарларды, конференцияларды, окутууларды, фестивалдарды, сынактарды, марафондорду жана ар кандай көңүл буруулардын жана каражаттарды тартуунун башка формаларын жүргүзүү;
- Ар кандай донордук жана кайрымдуулук, анын ичинде эл аралык уюмдары аркылуу каржы каражаттарын тартуу (гранттар, кредиттер, биргелешкен ишканалардын капиталы);
- Уюштуруу-укуктук формасына жана менчигинин түрүнө карабастан эл аралык уюмдардын долбоорлорунун жана программаларын ишке ашырууга өзүнчө жана биргеликте катышуу;
- Кыргыз Республикасындагы жана башка өлкөлөрдөгү башка коомдук уюмдар менен байланышты түзүү жана бекемдөө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка коомдук пайдалуу максаттарды ишке ашыруу;
- Жаштардын маданиятынын калыптанышына таасир этүү, жаштардын билимин, интеллектуалдыгын, кесиптик деңгээлин жогорулатууга шарт түзүү;
- Алдыңкы педагогикалык технологияны жайылтууга көмөктөшүү;
- Жаштардын патриоттуулук сезимин жана өз өлкөсү менен сыймыктанууга тарбиялоо;
- Кыргыз Мамлекеттүүлүгүн чыңдоо максатында, улуттар аралык жана конфессионалдар аралык жаштардын байланышына шарттарды түзүү;
- Кыргыз Мамлекеттинин жакшы жетишкендиктерин жана салттарын интеграциялоо жана муундардын өз ара түшүнүү байланыштарын бекемдөө;
- Методикалык борборлорду, балдардын жана жаштардын клубдарын, окуу жана чыгармачылык лабороторияларды, убактылуу жана туруктуу коллективдерди уюштуруу;
- Билим берүүчү жана тарбиялык программаларды иштеп чыгуу жана жалпылаштыруу;
- Башка коммерциялык эмес уюмдарды түзүү, коомдук бирикмелерге мүчө болуп кирүү, ошондой эле коммерциялык эмес бирикмелер менен союздарды жана ассоциацияларды түзүү;
- Ишмердүүлүктү чагылдыруу максатында өздүк басмакана ишмердүүлүгүн киргизүү, башка маалымат каражаттары менен кызматташуу;
- Эл аралык байланыштарды кеңейтүү, тынчтыкты чыңдоо, элдердин ортосундагы достукту бекемдөө;
- Коомдук бирикменин мүчөлөрүнүн граждандык, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий укуктарын жана эркиндиктерин коргоо;
- Коомдук турмуштун ар түрлүү маселелери боюнча демилге көтөрүү менен мамлекеттик бийликтин органдарына сунуштарды киргизүү;
- Кайрымдуулук иштерине, юридикалык жана физикалык жактарга бөлүнгөн гранттарга катышуу;
- Кайрымдуулук жана демөөрчүлүк иштерди жүзөгө ашыруу;
- Жаратылыштык, тарыхый, маданий эстеликтерди коргоо;
- Коомдук бирикменин уставдык ишмердүүлүгүн камсыз кылуу үчүн кошумча финансылык жана материалдык каражаттарды Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык тартуу;
- Өзүлөрүнүн көйгөйлүү маселелерин чечүүдө так жана туура чечим кабыл алууга көмөк көрсөтүү жана коомдук иштерге активдүү катышууга тартуу;
- Гендердик саясатты колдоо жана аны жүзөгө ашыруу;
- Ыңгайлуу жашоо шарт түзүүгө арналган профилактикалык иштерди жүзөгө ашыруу;
- Айлана-чөйрөнү таза сактоо менен дене саламаттыгын чыңдоого үндөө;
- Жерлердеги социалдык инфракструктураны өркүндөтүүгө көмөк көрсөтүү;
- Изденүү менен проекттерди жазуу жана аларды жүзөгө ашыруу;

- Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык мүчөлөрдүн арасында түшкөн пайданы бөлүштүрбөстөн уставдык максаттарга жетиш үчүн өндүрүштүк жана чарбалык ишмердүүлүктү жүзөөгө ашыруу;
- Коомдук бирикменин максаттарына жетүүгө зарыл болгон, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка ишмердүүлүктү жүргүзүү жана Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык уруксат берилүүчү ишмердүүлүктүн түрлөрүн уруксат (лизенция) алуу менен жүзөөгө ашыруу.

## III. КООМДУК БИРИКМЕДЕГИ МҮЧӨЛҮК

3.1. Коомдук бирикменин мүчөлөрү болуп ушул уставды кабыл алган, дайыма мүчөлүк акы төлөп турган Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөнүн жарандары эсептелинет;

3.2. Мүчөлүккө кабыл алуу жана чыгаруу Коомдук бирикменин жалпы чогулушунун чечиминин негизинде жүзөгө ашырылат;

3.3. мүчөлүк төмөнкү учурда токтотулат;

- Өз каалоосу менен, бул учурда чыгып жаткан мүчө башкаруу органына 2 ай мурун билдириш керек;
- Уставда көрсөтүлгөн ишмердүүлүктү аткарбаганда чыгарылат;

3.4. Коомдук бирикмеге кирүү жана чыгуу Коомдук бирикменин аткаруу органына жетекчисине арыз менен кайрылуу керек.

## IV. КООМДУК БИРИКМЕНИН МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИК

4.1. Мүчөлөр тең укуктуу жана жоопкерчиликтери тең.

4.2. Мүчөлөр төмөнкүлөргө укуктуу:

- жалпы чогулушка катышууга;
- уставды бекитүүгө, кошумча алымча киргизүүгө;
- ишмердүүлүктүн багыттарын көрсөтүүгө;
- башкарууга катышууу;
- башкаруу органга шайланууга жана шайлоого;
- коомдук бирикменин ишмердүүлүктөрүн боюнча маалымат алууга;
- коомдук бирикмени жоюуга чечим кабыл алууда катышууга;
- сотко коомдук бирикмени жоюуга арыз менен кайрылууга;
- коомдук бирикмеден эркин чыгууга.

4.3. Мүчөлөрдүн милдеттери;

- ушул уставдын талаптарын сактоо;
- жалпы жыйналыш аныктаган суммадагы мүчөлүк акыны өз убактысында төлөө;
- башка мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын жана ой-пикирлерин сыйлоого;
- жалпы чогулушта кабыл алынган чечимдерди аткарууга;
- коомдук бирикменин ишмердүүлүктөрүнө зыян келтирүүчү иш аракеттерди жасабоого;
- Коомдук бирикменин ишмердүүлүктөрүнө активдүү катышууга;

4.4. Коомдук бирикменин мүчөлүгүнөн чыгаруу:

- ушул Уставдын жоболорун орой бузганда же сактабаганда
- мүчөлүк акыларды төлөөдөн системдүү түрдө баш тартканда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кылмыш жоопкерчилигине тартылуучу укук бузуулар жазалганда - коомдук бирикменин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунда жүргүзүлүшү мүмкүн

4.5. Коомдук бирикменин жумушчуларына эмгек мамилелери боюнча эмгек жөнүндө мыйзамдын ченемдери, эмгек келишиминин шарттары, ошондой элесоциалдык камсыздоо жана социалдык камсыздандыруу жөнүндө мыйзамдардын ченемдери жайылтылат.

4.6. Эгерде коомдук бирикмеге жарандар Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин талаптарына ылайык акы алуу менен кызмат көрсөтүү келишиминин негизинде иш жүргүзсө, кызмат көрсөткөн жарандар социалдык камсыздандыруу жана салыктарды өз каражатынын эсебинен төлөйт.

- келишимдерди түзүү, коомдук бирикменин атынан бүтүмдөрдү жасоо;
- Коомдук бирикменин атынан керектүү документтерге кол коюу;
- Коомдук бирикменин атынан ишеним кат берүү;
- Банктардан эсептик жана валюталык банктык счетторду ачуу;
- Коомдук бирикменин атынан кызматкерлер менен эмгек келишимин түзүү жана токтотуу;
- Коомдук бирикмеге адистерди кызмат көрсөтүү келишиминин негизинде ишке тартуу;
- Жалпы жыйналыштын, Башкармалыктын компетенциясына кирбеген маселелерди чечүү;
- Төрага коомдук бирикменин атынан бүтүмдөрдү аткарууга укуктуу.

4.7 Текшерүүчү:

- Коомдук бирикменин финансылык чарбалык иштери боюнча көзөмөл жүргүзүүгө укуктуу;
- Текшерүүчү коомдук бирикмени жылына бир жолу текшерет.
- Текшерүүнүн жыйынтыгын жалпы жыйналышта карайт.
- Текшерүүчү башка көз каранды эмес аудиторлорду чакырууга укуктуу;
- Текшерүүчү коомдук бирикменин жетекчисинен, кызматкерлеринен тиешелүү докуметтерди талап кылууга укуктуу. Коомдук бирикменин кызматкерлери талап кылган документтерди текшерүүчүгө берүүгө милдеттүү.

## V. КООМДУК БИРИКМЕНИН МҮЛКҮ ЖАНА КАРАЖАТТАРЫ

5.1. Коомдук бирикменин менчигинде жери, турак-жайы, имараты, турак-жай фонду, транспорт, эмгек жана башка каражаттары, инвентарь, акча, акция, башка баалуу кагаздары болушу мүмкүн. Алар Коомдук бирикменин бухгалтердик балансында чагылдырылган негизги фондулар, жүгүртүлүүчү каражаттар, ошондой эле башка каржылык каражаттардан турат.

5.2. Коомдук бирикменин мүлкү төмөнкүдөн түзүлөт:

- Мүлктүк салым спонсорлордон, Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлүк мекеме, фонддордун коомдук бирикмелердин салымынан;
- Коомдук бирикменин өндүрүштүк ишмердүүлүгүнөн ;
- Коомдук бирикме өткөргөн лекция, көргөзмө, аукцион, лоторея, спорт, маданият көргөзмөлөрдөн;
- гранттардан, мамлекеттик жана чет өлкөлүк кредиттерден;
- Кыргыз Республикасы тыюу салбаган башка салымдардан.

5.3. Коомдук бирикменин мүлкү, акча каражаты төмөнкүлөргө колдонулат:

- коомдук бирикменин уставдык максаттарына;
- коомдук бирикменин кызматкерлерине эмгек акы;
- коомдук бирикменин ижарага алган мүлккө төлөө акы;
- коомдук бирикменин социалдык өнүгүүсүнө;
- кайрымдуулук максаттарына;
- коомдук бирикменин ишмердиги үчүн зарыл болгон мүлктөрдү сатып алуу үчүн;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул уставга каршы келбеген ишмердүүлүктөргө.

## VI. КООМДУК БИРИКМЕНИН УСТАВЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ

6.1. Коомдук бирикменин уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү коомдук бирикменин жалпы чогулушунун чечиминин негизинде гана жүргүзүлөт.

6.2. Коомдук бирикменин уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү чечим кабыл алынгандан кийин, ал юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлүп, кайра каттоо жүргүзүү зарыл.